**УДК:070.(575.2)(04)**
**DOI 10.53473/16946324_2024_1**

**Жеңишбек кызы Айсулуу**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
окутуучу, КР УИАнын аспиранты

**Жеңишбек кызы Айсулуу,**
Международный университет Кыргызской Республики,
преподаватель, аспирант НАН КР

**Jenishbek kyzy Aisuluu**
Internaitonal University of the Kurgyz Republic
teacher, PhD student of NAS KR
ai-suluu.92@mail.ru.

## ӨКМӨТТҮК БАСЫЛМА СӨЗҮНДӨГҮ САЯСИЙ ПУБЛИЦИСТИКАНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ ПОЛИТИЧЕСКОЙ ПУБЛИЦИСТИКИ В ПРАВИТЕЛЬСТВЕННЫХ ИЗДАНИЯХ

## FEATURES OF POLITICAL JOURNALISM IN GOVERNMENT PUBLICATIONS

---

***Аннотациясы:*** *Макалада азыркы мезгилдеги өкмөттүк басылмалардан орун алган саясий публицистиканын өзгөчөлүктөрү талданган. Изилдөөдө өкмөттүк басма сөздөгү саясий публицистиканын өзгөчөлүктөрүнүн берилиши гана иликтенбестен, анын чечүү жолдору да каралды. Ар кыл учурда актуалдуу болуп келген публицистика темасы менен бирге бул сунушталып жаткан талдоодо заманбап журналистиканын ар кыл өзгөчөлүктөрү дагы чагылдырылат. Саясий публицистика ата мекендик журналистиканын сап башында туруп, ар учурда талдоого муктаж болуп келгендигин эске алганда, бул макала масс медиа тармагындагыларды эле эмес, публицистикага кызыккандарга да сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *Публицистика, саясий макала, саясий публицистика, өкмөттүк басылма, проблема, интервью, жанр, факт, аргумент, теория, ыкма, геосаясий фактор.*

***Аннотация:*** *В статье представлен анализ особенностей политической публицистики имеющихся в современных правительственных изданиях. В исследовании рассматривается не только специфика политической публицистики правительственных изданий, но и пути их решения. Совместно с темой публицистики, которая была актуальным в разные времена, предлагаемое исследование расскрывает и различные особенности современной отечественной журналистики. С учетом дефицитности исследовательской работы по политической публицистике, которая занимает лидирующие позиции в отечественной журналистике, данная статья предлагается не только представителям масс медиа, но и интересующимся публицистикой.*

***Ключевые слова:*** *Публицистика, политическая статья, политическая публицистика, правительственные издания, проблема, интервью, жанр, факт, аргумент,*

*теория, методика, геополитический фактор.*

***Abstract:*** *The article analyzes the peculiarities of political journalism in modern government publications. The study considers not only the specifics of political publicism of governmental editions, but also the ways of their solution. Together with the theme of publicism, which was relevant in different times, the proposed study reveals various features of modern domestic journalism. Taking into account the scarcity of research work on political journalism, which occupies a leading position in domestic journalism, this article is offered not only to representatives of mass media, but also to people who are interested in journalism.*

***Keywords:*** *Publicism, political article, political journalism, government publications, problem, interview, genre, fact, argument, theory, methodology, geopolitical factor.*

---

1924-жылы түзүлгөн кыргыз элинин туңгуч гезити (Эркин Тоо", "Кызыл Кыргызстан" "Советтик Кыргызстан" – "Кыргыз туусу" ) бүгүнкү күндө да маанилүү ролду ойноп келүүдө. Мамлекетибиздин жана кыргыз элинин өнүгүү этаптарын ар кыл жагдайда иликтеп, калкыбызга тарыхый урунттуу окуяларды саясий публицистикалык маанайда жеткирип турушкан. 1924-жылы кыргыз эли үчүн кубанычтуу күн болгон, анткени советтик республикалардын түзүлүшү "Эркин Тоо" газетасынан 7-ноябрда Ташкентте жарыкка чыккан алгачкы гезитинин чыгышынын урматына бүгүнкү күндө 7-ноябрь басма күнү деп белгиленип келет. 1924-жылдын 30-декабрында кыргыз өкмөтү Ташкендиден Пишпекке көчүп келген. "Эркин Тоонун" макалада кандайдыр бир коомдук

– саясий, социалдык окуяны же маселени даана чагылдырса кана көрүнөт. Публицистика жалпылап алынган маанисинде кийинки мезгилде далай басма сөз изилдөөчүлөрдүн темасына айланды. Эң эле көп изилденгени анын жанрдык түзүмү өзгөчө маани берилген жанры очерк болуп саналат. Фельетон жанры болсо, ага караганда азыраак изилденген. Бул жанрды азыркы журналисттер сейрек колдонушат.

Азыркы учурда доор өзгөрүп, заман алмашып, дүйнө жүзүндө технология өнүгүп, ааламдашуу, глобалдашуу процесстери жүрүп, массалык маалымат каражаттарында изилдөөлөр, абдан эле кеңейип жаткандыгын белгилей кетсек болот [1]. Бул жанрлар тууралуу сөз кылганыбыздын себеби да бар. Анткени жалпы публицистикалык материалдардын ичине катылган очерк, памфлет, фельетондор көркөмдөлүп иштелген материалдар болгону менен анын маанилик жактан алганда саясий публицистикага жакындашкан жактары көп. Мурда, совет маалында, көркөм публицисттик жанрга кирген мындай материалдар, карикатура көбүн эсе коомдогу социалдык маселелерге басым жасап келген болсо, азыркы учурда андай материалдардын негизги карманган максаты жана багыты саясий өңүттө кетүүдө. Тактап айткандай фельетон,памфлет кеңири жайылбаса дагы карикатура жалаң эле эл башында тургандар же мамлекеттин тагдырын чече тургандарга арналып отурат.

1924-жылга чейин кыргыз элинин улуттук тилинде бир дагы газета, журнал болгон эмес. Бүткүл Россиялык каттоонун маалыматы боюнча 1920-жылы кыргыздарды 95.4% жазганды жана окуганды билген эмес. Ал эми аялдардын арасында кат тааныгандардын саны 08% гана түзгөн. Мына ошондуктан, алгачкы айларды "Эркин Тоо" газетасынын тиражы 1000 гана нуска болуп такай жазуучулардын саны 150 кишиге жеткен. Демек, республиканын калкынын негизги газета окуй албагандыгына байланыштуу. "Эркин Тоо" Совет бийлигинин органдары чыгарган мыйзамдары жана декреттер менен өз убагында тааныша алган эмес. Мындай зарылдыктан улам тоолуу

аймакта сабатсыздыкты жоюу жөнүндө маселе өтө курч коюлуптур аны аткаруу үчүн газетанын ролу чоң болгон. “Эркин – Тоо” газетасы жаштарды тарбиялоодо билим алууга үндөгөн. Газета алгач чыккандан баштап Совет өкмөтүнүн декреттер жарыяланып турган. Бирок, бул окуя жөнүндө кабар бир жарым айга кечигип, 1995 – жылы 16-февралда жарыяланган [2].

Ташкенден көчүп келип, Пишпекке жайгашууга бир канча убакыт кеткен эле. Кыргыздын эне тилинде гезиттин чыгышы зор саясий жана маданий жетишкендик болгон. Кыргыз тилинде туңгуч гезитинин биринчи санын Улуу Октябрь революциясынын 7- жылдыгын майрамдоого карата чыгаруу чечилген. «Эркин Тоонун» алгачкы санында төмөнкү маалыматттарды билдирген. «Эркин Тоо» гезетасынын 7-ноябрда жарыкка

чыккан биринчи мындай шапка берилген: «Улуу Октябрь революциясынын 7-ноябрь майрамынынын Кыргыз мамлекетининин уюткусу: кыргыз арасынан чыккан батрак, кедей-дыйкандар кушчулар». Газета кыргыз элинин өзүнчө улуттук социалисттик мамлекет болгондугунун жарыяланган. Газетада кыргыз өз алдынча автономиялуу област болуп, РСФСРдын составына киргендиги айтылган. Газетанын жаңы чыккан сандары бекер таратылган, такай жазылгандардын саны 150 кишиге жеткен.

Газеталар Владимир Ильич Лениндин сүрөтү менен чыккан. Ага арналган макалада Ленин дүйнөдөн кайтса да, анын иши улантыла берери, аны улантуучу ал түзгөн Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы экендиги, Лениндин калтырган осуяттарын партия ишке ашыра тургандыгы чоң күч менен баяндалган. Газета алгачкы чыккандан баштап Совет өкмөтүнүн декреттери жарыяланып турган. Басма сөз башка массалык маалымат жана пропаганда каражаттарынын айырмаланып буржазиялык идеялогияга каршы күрөшүүдө контрпропаганданы чечкиндүү жүргүздү. Көбүнчө буйрук жарлыктар, макалалар, түрдүү сунуштар, ички жана тышкы кабарлар басылган. Ошолор менен катар кыргыз акындарынын ырлары да жарыкка чыгып жатты. “Эркин Тоо” газета биринчи январдан баштап акчага сатыла тургандыгын билдирген.

“Эркин Тоо” гезити улуттук басма сөздүн тунгучу болуу менен гезиттик кадрларды өстүрүү мектеби да болгон.1925-жылы мартта жарык көргөн орус тилиндеги “Батрацская правда” гезитинин материалдарды беттерге жайгаштыруунун ыкмаларын үйрөнүшкөн.1925–жылы газета Фрунзе шаарына көчүрүлүп келет. Биринчи улуттук тилинде чыгып агартуулучук кызмат аткарды ошону менен катар эле көркөм адабият жана журналистикасынын өнүгүшүнө шарт түзүп берди. “Эркин Тоонун” Пишпекте жарыккошмо саны (5-6 сандары) бир жарым ай кечигип чыккан. Андан кийин жетинчи саны да жарым ай кечигип ошол жылдын 1-мартында чыкты. Гезиттин редакциясы Бишкеккекөчүп келгенден кийин гезиттин 5-саны 1925-жылы 6 бет болуп чыккан.

К.Тыныстановдун жооптуу редактору менен “Эркин Тоо” гезити жаңы алфавиттке өтүү жөнүндө маселени чаңылдыруу дагы ролу өстү. Гезит латын тамгасынын (жаңыдан кабыл алынап жаткан) өзгөчөлүгүн аны колдонуудагы жеңилдиги түшүндүрүлгөн материалдарды тынымсыз басып турган. Мисалы: “Латын тамгасын эмне үчүн алабыз”( “Эркин Тоо”, 23-июль 1925-ж) “Жаны тамга тууралуу” (ошол эле гезит 23-август,1925-ж) деген макалаларды көрсөтүүгө болот. Жаңы тамгага өтүү жөнүндө маселе түрк тилиндеги элдердеги элдердин 1926-жылы Бакуда болгон конференциясында да каралган. Бирок, тарыхый кырдаалга, айрыкча каржылык кыйынчылыктарга байланыштуу латынтамгасына өтүү жарым жартылай 1927-жылдын, ал эми толугу менен өтүү 1930-жылдын 1-январына башталган. “Эркин Тоо” жана “Батрацская правда” гезиттеринин бир жылдыгына карата аларга үзбөй жазган кабарчылардын саны 345 кишиге жеткен.Алардынычинен 109 кабарчы кыргыз болгон.

1928-жылы аягында Кыргызстанда жалпы тиражы 51 миң нуска болгон алты гезит

чыгып турду. Алардын ичинен кыргыз тилинде чыккандардын тиражы да өскөн. Райондук гезиттер да жумасына бир жолу эки бет болуп чыга турган болду. Мисалы “Кызыл Кыргызстан”, “Советская Киргизия” гезиттери 1941-жылдан 1-ноябрынан тартып эки бет болуп чыкты. “Кызыл Кыргызстан” газетасы Кыргызстандын аймагынан үзбөй каттар кабарлар келип турган **[**3**].** “Кыргыз Туусу” газетасы кыргыз басылмалардын ичинен орду өзчөгө анткени кыргыз тилинде алгачкы газета ошол кат сабаты жок кыргыздар үчүн болуп көрбөгөндөй окуу куралы болуп берген. Ал эми 1942-жылдын 10-майынан тартып “Кызыл Кыргызстан” гезити райондук гезиттин форматында төрт бет болуп чыга баштады.

Алгачкы күндөрдү “Кызыл Кыргызстан” гезитинде бул билдирүүлөр биринчи бетке жарыяланып турду. Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы 1-июлдан тартып гезитте бюронун эртең мененки жана кечки билдирүүлөрү экинчи бетке берилип турган. Кыргызстандын эл чарбасын калыбына келтирүү жылдарында атап айтканда, 1946-1958-жылдар ичинде мезгилдүү басма сөз тез 10 райондук жана шаардык 70 газета жарыкка чыкчу. Алардын бир жолку тиражы 160 миң нускага жеткен. Мындан башка республикалык маанидеги 6 коомдук-саясий жана адабий-көркөм журнал чыккан. Ал эми согуш алдында, 1940-жылы 69 гезета чыккан.

«Эркин Тоону» массалык дыйкандар гезити деп атоого болот. Себеби дегенде калктын басымдуу көпчүлүгүн дыйкандар түзүп, улуттук жумушчу табы али түзүлө элек болчу. «Эркин Тоо» гезити жөнүндө сөз болгондо, айрыкча белгилей турган нерсе, гезит биринчи санынан тартып кыргыз кедейлеринин жана батрактарынын таламдарын жактап чыккан. Атайын жебирилген адамдар жер-жерлерде гезиттин программасын түшүндүрүшкөн. Ал эми «Эркин Тоо» гезити кыргыз кедейлеринин жана батрактарынын турмушунун күзгүсү болот, гезит алардын таянычы, алардын оюн тилегин билдирүүчү болот деп айтылган. Мына ошондуктан «Эркин Тоонун» кадыр-баркы эл арасында тез өсүп, ага жазылуучулардын жана кабарчылардын саны да улам өсүп турган. Редакциянын кызматкерлери гезит иштеринин ыкмаларын өркүндөтүүнүн үстүндө такай иштешип, бөлүмдөрдү, рубрикаларды ачышкан. Ошол кезде Ташкент шаарында ар түрдүү мекеме уюмдарда иштеп жүргөн Осмонкул Алиев, Жусуп Абдырахманов, Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев, Иманалы Айдарбеков, Абдыкерим Сыдыков, Даныке Иманов, Сыдык Карачев, Далил Зулпубаев ар түрдүү окуу жайларда билим алып жүрүшкөн. Аалы Токомбаев, Кусейин Карасаев, Мустапа Акматов, Мурат Салихов, Жапар Шукуров, Токо Абдырахманов ж.б. кыргыз жаштары кыргыз тилинде жарык көрүп жаткан тунгуч гезиттичыгарууга чын ыкластан күч жумушашып, кыргыз элинин золобосун көтөрүшкөн.

Гезиттик рубрикаларды ачышып, гезиттик жанрларды өздөштүрүүгө да чоң аракет жасашкан. 1924-жылдын аягында, 1925-жылдын башталышында Кыргызстандын тарыхында унутулгус окуялар болуп өттү. Гезиттин журналисттери оперативдүү иштөөгө али үйрөнө алышкан эмес анткени профессионалдуу адистери болгон эмес.

Ушул санда эл акын Социалисттик Эмгектин Баатыры Аалы Токомбаевдин баарына белгилүү «Октябрдын келген кези» деген ыры жарыяланган. Кыргызстанда кандай гана жаңылык болбосун «Советтик Кыргызстан» өзүнүн бетинде чагылдырып жарыялап турган. “Эркин Тоонун” Ташкенде чыккан төрт санында айыл турмушунан кабарлар дээрлик жарыяланган эмес. “Эркин Тоо” газетасынын биринчи чыккан саны кыргыздын улуттук жазуусу жаралган күнү болуп калды. Ал жалаң кыргыз элинин улуттук жазуусуна негиз салбастан анын жазма адабиятына да негиз салды. Эркин Тоо газетасы республикабыздагы улуттук басма сөздүн туңгучу гана болбостон гезаталык кадрларын да өстүрүүнүн алгачкы мектеби да болду. Анын түзүлүшү менен бирге кыргыз тилинде башка басма сөз органдарын чыгарууга даярдык көрүлүп, алгачкы улуттук газеталар жана журналдар «Эркин Тоо» газетасынын негизинде өсүп чыкты [4].

«Эркин Тоонун» кадыры эл ичинде бат эле көтөрүлгөн. Сабатсыз адамдар да

гезетага жазылып, кат билген адамдарга окутуп, республикабыздын ички турмушунун жана сырткы эл аралык абалдан кабардар болуп, кыргыз эмгекчилеринин көзү ачылган. Биринчи санынан тартып, кыргыз кедейлерине жана батрактарынын таламдарын мактап чыкты. Окуу жазуунун бардыгы араб алфавитинде жазылып, бирок керектүү окуу китеби да жок эле. Кээде «Эркин Тоого» көзүбүздү чадыгып калса, кимде болсо да аны талашып тартышып окушкан. Гезета айына бир же эки жолу гана келет, ага жазылып алуучулар бирин-серин көбүнчө сельсоветерден кезиктирчүбүз. «Советтик Кыргызстан» Кыргызстан Компартиясынын күжүрмөн куралы жергебизде Совет бийлигин орногондон тартып анын бардык этаптарынында эл чарбасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө активдүү көмөк көрсөтүп, чоң салым кошту. Редакциянын кызматкерлери гезит иштеринин ыкмаларын өркүндөтүүнүн үстүндө такай иштешип, бөлүмдөрдү, рубрикаларды ачышты.

Башкы рубрикалардын бири “Партиялык турмуш” деп аталган. Бул рубрикада жарыяланган материалдардын өзөгүн Лениндик окууну ишке ашыруу идеясы түзгөн.

Гезиттин сандарынан бир мисал: “Лениндин осуяттары менен билимдерин киргизип, иш жүзүндө жүзөгө чыгаруунун камына киришип жүрмөкбүз сүйлөм стилдик жактан сабатсыз да, эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүүнүгө болот.

“Эркин Тоо” газетасы кыйын мезгилде чыкты. Ал убакта редакциялык аппарат, араб тамгасы жана типография жок болучу, газеталык кызматкерлердин, котормочулардын жана арип терүүчү кадрлар болгон эмес. «Эркин Тоо» газетасынын тарыхы, бул сабатсыздыкка, жапайычылыкка, артта калгандыкка жана караңгылыкка каршы күрөшүнүн тарыхы. Газетанын биринчи сандары өз мезгилинде мугалимдер пайдаланган окуу куралы болгон. Мына ошону үчүн «Эркин Тоо» чыгышы жөнүндөгү кабар кыргыз жергесинде чоң майрам катары кабыл алынды. Т.Сыдыкбеков өзүнүн «Тоо арасында» романында кыргыз айылына “Эркин Тоонун” кыргыз айылдарына кеңири келишин сүрөттөлүп баяндалат.

Сабатсыздык алгачкы убакта эмгекчил дыйкандардын газетанын ишине калыптанышына чоң тоскоол болду. Мына ошондуктан, алгачкы айларда «Эркин Тоо» газетасынын тиражы 1000 гана нуска болуп такай жазуучулардын саны 150 кишиге жеткен. Демек, респлубликанын калкынын негизги газет окуй албагандыгына байланыштуу, Совет бийлигин органдары чыгарган закондор жана декреттер менен өз убагында тааныша алган эмес.

Редакциялык коллективдердин өз ара жардамдашуусу алардын ортосундагы ишкердүү байланыштар жакшы натыйжа бере тургандыгын алгачкы тажрыйба көрсөттү. Мындай кызматташтыкты кеңейтүү жана тереңдетүү үчүн партиянын областтык комитететинин чечими боюнча эки газетанын бириккен редколлегиясы түзүлүп, ал редакция кызматкерлеринин ишин уюштурууга, газеталардын сандарын пландоого, жумушчу жана кабарчылар менен байланыш түзүүгө жетекчилик кыла баштады.

Газетанын биринчи саны Кыргыз обкому тарабынан даярдалып, ага кээ бир орус жана кыргыз лингвисттери, Ташкентте чыгып эмгекчилеринин Коммунисттик университетинде окуган кыргыз студенттеринин тобу тартылган. Кыргызстандын басма сөзүнүн жанрларынын байышы, коомдук турмуштун окуяларын кеңири көрсөтүүгө турмушка сүңгүп кирүүгө коомдук пикирге оң таасир тийгизүүдө массада коммунисттик эмгекчилердин жана социализмдин куруунун зор милдеттерин ишке ашыруу үчүн эмгекчилерди активдүү мобилизациялоого мүмкүнчүлүк берди. 1930-жылы 11-ноябрда гезит кызматкердин кадрлары жөнүндө токтом кабыл алган. Борбордук Комитети бул токтомдору республикалык, областтардын, жаш партиялык советтик басма сөзүнүн ишин жакшыртуу, социалисттик курулушка анын ролун жогорулатуу, басма сөздү чындоо үчүн айрыкча чоң мааниге ээ болду. Кыргыз тилиндеги газеталардын тармагы биринчи беш жылдарында 13 эсе көбөйгөн [5].

Бүткүл Союздук Коммунисттик большивектер партиясы, Борбордук Комитетинин ОртоАзия бюросунун 1931 жылы 13-марттагы “Ар бир районду басма сөз менен камсыз кылуу жөнүндөгү токтом кабыл алынган чечимин оруndалып, партиянын Кыргыз обкому басма сөз жөнүндө бир катар токтомдору кабыл алды жана аларды басма сөздү уюштуруу ролуна чоң маани берилген. 1932-1935 жылдар Кыргызстанда райондук басма сөздүн бир кыйла өсүү мезгили болду. Бул мезгилдин аягы да 35 райондук газета чыгып түрдү. Ушинтип, массалык колхоздук кыймылдын мезгилинде негизги айыл чарба райондорунун бардыгында дээрлик газеталар түзүлдү.

«Кызыл Кыргызстан» газетасы «Алдынкы тажрыйбалардын трибунасы» деген жогорку рубриканын алдында Социалисттик Эмгектин Баатыр деген жогорку наамга атыктуу болгон адамдар: А.Анаровдун, З.Кайназарова, Ф.Стрельниковалардын жана башкалардын материалдары жарыяланган. «Кызыл Кыргызстан» «Советская Киргизия» жана «Ленинчил жаш» газеталардын беттеринде жүргүзүлгөн талкуулар айрым жазуучулардын чыгармаларында олуттуу кемчиликтердин орун алгандыгын көрсөттү.

Буга «Кызыл Кыргызстан 1950-жылы 31-март К.Маликовдун поэзиясын талкуунун жыйынтыгы деген макала мүнөздүү.

Макалада К.Маликовдун чыгармаларында улутчулдук калдыктарында орун алгандыгы, анын фольклордук традициялардын, ыкмалардын жана формалардын туткунунда калгандыгы, бул болсо чындыкты чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнүн тарыткандыгы, көркөм чыгарманын идеялык мазмунун жакырланышы, көркөмдүк деңгээлине төмөндөшүнө алып келгендиги көрсөтүлгөн. 1958-1980 жылдарда советтик түзүлүш эң күрдөөлүү, ар тараптуу өскөн учур десек болот. Ушул аралыкта басма сөздүн ролу чоң болуп турмуш күзгүсү катары өз күчүн көрсөтө алды. Анткени СССРдин Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жаңы программасынынын, жаңы уставынын негизги жоболорун жалпы журтка кеңири жайылтты.

1966-жылы 6-мартта «Советтик Кыргызстан», «Совестская Киргизия» газеталарында сын макалалардын таасирдүүлүгү жөнүндө» токтом кабыл алган. Анда партиялык органдардын, министриликтердин жетекчилеринин мурдагы чечимдерге тыканкөңүл бурбагандыгы эскертилип, бул маанилүү маселеге мындан ары өзгөчө көңүл буруу, гезиттердин сын макалаларынын өз убагында тыянак чыгаруу, тиешелүү көңул бурулбастан коомдук-экономикалык, маданий өсүштүн жетишкендиктерин да өзгөчө орунда турган. “Советтик Кыргызстан” гезити күнүнө 160-180 миң нуска менен чыгып турган учурлар болгон.Позитивдүү мүнөздөгү материалдар бул өлкө ичиндеги жетишкендиктер, коммунисттик идеологиянын ийгиликтүү жайылтылышы, эмгектеги жарыштардын үлгүлөрү баса белгиленген.

Республикалык партиялык эки гезит «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизияда» жарыяланган материалдардын таасирдүүлүгү боюнча бир канча жолу редакторлордун отчеттору БКнын бюросунда каралып, чаралар көрүлгөн. Биздин гезит 1924-жылдан 1927-жылга чейин “Эркин Тоо”, 1927-жылдан 1956-жылга чейин “Кызыл Кыргызстан”, 1956-жылдан 1991-жылга чейин “Советтик Кыргызстан” басылып келген. “Эркин Тоонун” алгачкы сандарынан баштап, бүгүнкү “Кыргыз Туусуна” чейин барактап көргөн окурман гезит бетинин Кыргызстанда кайсы жылы эмне окуя болгондугун, колхоздоштуруу, индистриялаштуруу, мезгилинен баштап, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында, бүгүнкү күнгө чейин кайсы мезгилде кандай социалдык–экономикалык, маданий өзгөрүүлөр жүргөндүгүн, эл башынан эмнелер өткөндүгүн биле алат. “Кыргыз Туусу” элдин үнүн бийликке жеткирип, терс көрүнүштөрдү сындап, ийгиликтерди даңазалап, эл менен бийликтин ортосунда көпүрөлүк милдетин аткарып келе жаткандыгы чындык.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. 7-ноябрь – басма сөз күнүнө жана “Кыргыз туусу” гезитинин 90 жылдыгына карата макалалар жыйнагы. Бишкек 2014, 39-бет.
2. Усупов С.У. История кыргызской журналистики учебное пособие, – Б., 2007.-с
3. Соронбаев К.С Печать советского Кыргызстане Ф.,1970, 21-бет.
4. Усупов С.У. История кыргызской журналитика учебное пособие Б.,2007 68-бет.
5. Кудайбергенов С. “Кыргызстандын басма сөзүнүн тарыхынан” “Турмуш күзгүсү” Ф., 1966.-45 бет